# Пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир киши келип, кээ бир иштер тууралуу сүйлөшүп, акырында: Аллах жана сен кааладың... - деди эле, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Мени Аллахка шерик кыласыңбы?! Жалгыз Аллах каалады деп айткын" - деди

Ибн Аббас (аларга Аллах ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир киши келип, кээ бир иштер тууралуу сүйлөшүп, акырында: Аллах жана сен кааладың... - деди эле, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Мени Аллахка шерик кыласыңбы?! Жалгыз Аллах каалады деп айткын" - деди.

[Иснадуху хасан (айтып өткөрүүчүлөрү жакшы)] [Ибн Маажа менен ан-Насаави "Ал-Кубро" китебинде жазып калтырган жана Ахмад да жазып калтырган]

Пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир киши келип, өзүнө тиешелүү иштерин сүйлөшүп, анан: "Аллах жана сен кааладың" деп айтат. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) анын айтканын четке кагып, пенденин каалоосун Аллахтын каалоосуна жана деген байламта аркылуу кошуу кичине ширк болорун эскертет. Мусулман адамга минтип сүйлөөгө болбойт. Анан ага туура сөздү үйрөтүп: "Жалгыз Аллах каалады" деп, каалоосунда Аллахты жалгыздоону, анын каалоосуна башка бирөөнүн каалосун эч кайсы байламта менен кошууга болбостугун эскертет.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/5928